Кыргызская Республика

725000

г. **КАНТ** | ВОСТОЧНАЯ ПРОМЗОНА

ГОЛОВНОЙ ОФИС: +996 **312 616 993**

г. **ОШ:** +996 **701 88 44 74**

г. **ДЖАЛАЛ-АБАД:** +996 **701 02 06 60**

г. **БАТКЕН:** +996 **553 50 00 50**

г. **АЛМАТЫ:** +7 **707 212 0021**

г. **ТАШКЕНТ:** +998 **90 900 74 01**

г. **БИШКЕК:** +996 **553 38 89 98**

KANTSLATE.KG

E-MAIL **sales@kantslate.kg**
marketing@kantslate.kg

Бизнес
Ассоциация
JIA

JIA's MISSION

KG

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
ЖИГЕРДҮҮ ӨНҮГҮҮЧҮ ҮЧҮН ИШКЕРЛЕРДИН ИННОВАЦИЯЛЫК
СОЦИАЛДЫК-ЖООПКЕРЧИЛИКТҮҮ ЖАНА АЧЫК КООМЧУЛУГУН
ӨНҮКТҮРҮҮ

RU

РАЗВИТИЕ ИННОВАЦИОННОГО, СОЦИАЛЬНО-ОТВЕТСТВЕННОГО
И ОТКРЫТОГО СООБЩЕСТВА ПРЕДПРИНИМАТЕЛЕЙ
ВО БЛАГО РАЗВИТИЯ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

EN

DEVELOPMENT OF INNOVATIVE,
SOCIALLY RESPONSIBLE AND OPEN COMMUNITY
OF ENTREPRENEURS AIMED AT THE DEVELOPMENT
OF THE KYRGYZ REPUBLIC

Мазмуну
Содержание
Contents

JIA
magazine
2021

бет
страница
page

08 — Америка базарын багынткан аймактык ишкер

12 — Бизнес-география: как укреплять регионы

16 — JIA'нын тарыхы: Кыялдануудан жаралган идея

24 — Один из «крутых» братьев. История Суймонкула Жолдубаева и компании Cool Bro's

28 — Өз ара уюмдашуу эркиндиги — күчтүү бизнес коомчулук

31 — Проект «Центральная Азия» — укрепляя ассоциации

32 — Келечек келди: Электро унаалар Кыргызстанга дагы жетти

40 — JIA's strategy: 15000 предпринимателей на базе JIA

42 — Институт улучшения бизнес-климата. Мост между бизнесом и государством

44 — One Stop Shop — всё для бизнеса в одном месте

46 — Бир ишкердин кыялы: миңдеген жумуш орундарын түзүп, миграция агымын ооздуктоо

50 — Ишкердин тарыхы: Мамлекеттик кызматтан ишкердикке чейинки жол

52 — Любые изменения и временные трудности мы воспринимаем как возможность для развития

58 — Өлкөнү ишкерлер багат

60 — В бизнесе только женщины

66
BIF IS A UNIQUE INVESTMENT PLATFORM IN CENTRAL ASIA

Content & design by
CAPITAL

бет
страница
page

66 — BIF is a unique investment platform in Central Asia

70 — Умбриэль Темиралиев: BIF кыргыз ишкерлеринин аң-сезимине төңкөрүш жасады

72 — The Investment Potential of the Kyrgyz Republic: An Outside View

76 — Инвестиция тартам деген ишкерге BIF'тен кеңеш

80 — Как Джамиля Турдакунова открыла кыргызское предприятие в Узбекистане

82 — МСБ Кыргызстана — чемпион в регионе

84 — Чакан жана орто бизнес — туруктуу өнүгүү булагы

90 — Яблоко дохода: история одного экспортёра

96 — JIA — protection of SME

100 — JIA's strategy: Ишкер Академиясы

102 — Умение учиться — главный навык современного предпринимателя

104 — JIA — ишкерлер ортосундагы көпүрө

108 — В «зелёном» тренде: кыргызский мёд на американских прилавках

114 — Будущее уже здесь: о digital-трендах

120 — JIA'нын корпоративдик маданияты

122 — JIA — эксперттик-аналитикалык аянтча

124 — JIA in action

Америка базарын багынткан аймактык ишкер

ИШКЕР: **АНАРБЕК МАЛАБАЕВ**
СҮРӨТ: **РУСЛАН КУБАНЫЧБЕК УУЛУ**

Америкага экспорттолгон кызыктуу кыргыз продукциясы менен таанышабыз деп Жалал-Абад шаарынын четиндеги ишканага бардык. Кирип барганда эле халат, маска берип, компания жетекчиси Анарбек Малабаев өндүрүштө ХАССП стандарттарын киргизип жатканын айтып берди:

“Ит азыктарына деле кадимки тамак-аштай катаал талаптар коюлат экен. Сырьё бир эшиктен кирип, даяр продукция экинчи эшиктен чыгышы керек”.

Өндүрүш зонасына кирээрибиз менен башкача бир жыт келип, мурундарыбызды жаба калдык. “Америкага экспорттош үчүн ишкерлер ушундай жытка дагы чыдайт да”, — деп JIA бизнес ассоциациясынын аткаруучу директору Фархад Пакыров күлүп калды. Бул мындан үч жыл мурун болгон окуя эле. Ал кезде Жалал-Абаддык ишкер Анарбек Малабаев ит азыктарын өндүрүп, аны Америкага экспорттоону жаңы баштаган.

01

ХАССП
Hazard Analysis and Critical Control Points (HACCP)

02

03

Ойго келбеген бизнес

“Ал жытты азайттык. Көрсө сырьёну туура сактаганды билбей жүрүптүрбүз. Күн ысыкта сасып, курттап, жарабай калып, бир топ эле азап тарттык. Көрсө сырьё жаңы кезинде ошол замат муздаткычта тоңдурулуп, ошондон кийин иштетилиши керек экен. Анткени эт бир сасыса жыты эч кетпейт экен да. Сырьё чогултууда да бир топ кызык окуялар болду. Башында баары эле “муну эмне кыласыңар?” деп таң калышчу”.

Сырьё чынында эле таң калгыдай. Ал кадимки эле аттын жыныстык органы. Андан ит азыктары даярдалат. Даяр продукция жарым фабрикат түрүндө Американын Атланта шаарына экспорттолуп, анан ал жактан кутуларга салынып, соңунда америкалык бренддин алдында сатыкка чыгат. Бир килосу $25-30. Мындай айтканда бул иттердин чүйгүн тамагы, дейт ишкер. Эч нерсеге жарабаган калдыктан Америка рыногун багындырган продукция чыгаруу идеясын ишкер баамчылдыгы менен тапкан.

“Бизге мындан жети жыл мурун “ушундай сырьё чогултуп бересиңерби” деп чет мамлекеттен чалып калышты. Мага, аны эмне кылышат, деп кызык болду. Анан маалымат издей баштадым. Сырын тапкандан кийин, сырьё саткандан көрө өзүбүз өндүрөлү, деп ошону менен иште баштап калдык”.

Анарбек Малабаев эми жаңы деңгээлге чыгууну көздөөдө. Жарым фабрикат кылып сатканда биздин тапкан пайдабыз аз болот экен, андыктан кутуларга салып өзүбүздүн бренд менен сатуунун үстүндө иштеп жатабыз, дейт. Ошондой эле алдыда Канада базарына чыгуу турат.

“Бул продуктун экспорттук потенциалы чоң. Мисалы, биз кыргыздар бери дегенде 2-3 балалуу болуп, анан тапкан-ташыганыбызды алардын билим алуусуна, келечегине жумшайбыз го. Америка, Канада, Европа сыяктуу өнүккөн өлкөлөрдө ашып кетсе бирден бала, болбосо ал дагы жок экен. Анан алар ит, мышык сыяктуу үй жандыктарын багып, ошолорго кам көрүшөт экен. Ит-мышыгын баладай эле жакшы көрүп тамактын жакшысын алып беришет экен. Ал эми бизде болсо сырье

толуп жатат. Биз жылкыны көп соёбуз да. Башында сырьёну чогултуу маселеси кыйыныраак эле, азыр эт калдыктарын сорттоп, өз-өзүнчө саткан базарлар пайда болду. Азыр аймак аймактарда "заготовщиктеribиз" бар".

Ишкер дайым изденген адам

Ишкер Малабаев ит азыктарын өндүрүп баштаганга чейин бир катар традициялуу тармактарда иш кылган. Жалал-Абад мистесин, каперс данын Түркияга экспорттоону алгачкылардан болуп жолго койгон. Жол тапталгандан кийин атаандаштык күчөп, бул ишти билип билбей эле кылгандар көбөйдү дейт ишкер Анарбек Малабаев:

"Түрктөр алып жатса, демек бул жерде пайда бар экен деп кошо жарышып иштегендер көбөйдү. Ал турсун өзүбүздө иштеп жүргөн эле балдар атаандаш компания ачып, базарда демпинг кылып жатышат. Ошондон улам жаңы жол тапташ керек экенине көзүм жетти. Ишкерлер табиятынан изденген адамдар болот. Чыныгы ишкер бирөөнүкүн кайталабастан, өз жолун таптап, жаратмандык кылат.

Албетте, сырттан караганда "Американын базарына чыгыптыр" десе оңой эле угулат да, бирок анын артында канчалаган эмгек, кыйынчылык, катачылык жатканы көрүнбөйт. Түнү менен уктай албай калган мезгилдер болот. Бирок, ишкерлер дайым алдыга карап, артка чегинишпейт. Себеби ишкер болгон соң, бир гана өзүң, өз үй-бүлөң үчүн жоопкерчилик албайсың, сен ишкер катары кол алдыңда иштеген ар бир адам жана алардын үй-бүлөсү үчүн жоопкерчиликтүү болосуң. Мына ушул милдет-максаттар сени артка чегиндирбейт".

06

Даяр продукция жарым фабрикат түрүндө Американын Атланта шаарына экспорттолуп, анан ал жактан кутуларга салынып, соңунда америкалык бренддин алдында сатыкка чыгат. Бир килосу $25-30.

Бизнес-география: как укреплять регионы

Разрыв между регионами и столицей растёт. В 2019 году валовый региональный продукт на душу населения Бишкека превысил средний показатель ВРП по стране в 2,3 раза. Бишкек остаётся экономическим центром, куда стягиваются инвестиции, бизнес и внутренние мигранты. Для сравнения: разрыв между Бишкеком и Ошской областью, где самый низкий ВРП на душу населения — 6,54 раза. Экономика в столице развивается гораздо более быстрыми темпами, чем во всей остальной части страны, а значит сильно отличается и уровень жизни людей.



01

Сейчас у нас не то что безработица, нам людей не хватает, которые бы работали,

сетует **Чынара Тынысова**, предпринимательница из Таласской области.

У неё несколько видов малого бизнеса: кафе, баня, гостиница и перерабатывающее молочное производство. Говорит, что кадровый вопрос особо остро встал после пандемии.

— Многие трудоспособные молодые люди уезжают в Россию, поэтому у нас нехватка кадров, дефицит людей. Мы можем предложить зарплату 15000-20000 сомов, а в Россию они едут на зарплаты по 60000 рублей. Мы бы и хотели поднимать зарплаты, но сами видите, что происходит с курсом доллара, растут цены на всё. Поэтому бизнес несёт убытки, людям не хватает денег, вот и уезжают, — рассказывает Чынара.

02

Если не развивать регионы, то будет отток населения, особенно молодёжи в более развитые центры. А у нас, как всем известно, очень много спорных территорий с соседями на юге страны. Порой населённые пункты на границах — единственная защита территориальной целостности страны и преграда для ползучей миграции,

отмечает предприниматель из города Ош **Рахматулла Мадазимов, группа компаний «AAA Group».**

03

Отток населения для бизнеса не только причина нехватки кадров, но и сокращения рынка. Нет людей, особенно молодых — нет потребителей их товаров и услуг, нет возможности роста. Чтобы понимать, куда двигаться, нужны данные, но даже по такому простому показателю, как потенциал потребительского рынка, или попросту постоянно проживающее население, официальная статистика цифр, которым можно верить, не даёт. Из-за постоянных миграционных процессов нет точной информации, сколько в итоге проживает людей на конкретной территории постоянно.

– Помимо денег есть и другой фактор миграции, — объясняет Чынара Тынысова желание в первую очередь молодых людей покинуть малую родину. — Выезд в другие регионы, в тот же Бишкек, или в другие страны для них означает свободу. В селе кроме работы и делать нечего. Даже в областных центрах не так много способов провести досуг, нет мест для развлечений. Сами молодые люди говорили мне об этом.

04

Впрочем, миграционные тенденции касаются не только людей. Бизнес в регионах для многих предпринимателей становится своего рода трамплином в экономически более активный центр. Предприниматели, добившиеся определённого уровня на малой родине, стараются переехать в Бишкек. Как и для людей, для бизнеса нет необходимых условий в регионах — той же инфраструктуры. И не хватает информации: с одной стороны, до предпринимателей не всегда доходят все новости о решениях центральной власти, с другой — сами чиновники порой не знают о нововведениях, которые упрощают жизнь бизнесмена. А в некоторых случаях представители местной власти предпочитают просто скрывать, когда условия ведения бизнеса становятся проще. Неосведомлённость предпринимателей помогает сохранять коррупционные схемы.

05



Работа государственных институтов с предпринимателями именно в регионах очень слабо развита. Таких институтов может и вовсе не быть. В самом начале своего пути бизнес ассоциация JIA выбрала одним из приоритетов работу в регионах. Мы продолжаем оставаться своего рода мостом между бизнесом в регионах и центром. Участники нашей ассоциации получают разные услуги, в первую очередь консультации по ведению бизнеса. Разрыв в знаниях и владении информацией между предпринимателями регионов и бишкекскими бизнесменами огромен,

отмечает председатель правления JIA **Жоодар Омошов**.

06

Как велик разрыв и в доступности финансирования. Большая часть инвестиций оседает в столице. В 2020 и 2021 годах 30% всех прямых иностранных инвестиций пришлись на долю Бишкека. Но даже в Бишкеке постоянно говорят, как сложно работать при недостатке длинных и дешёвых денег. Что уж говорить о регионах. Другой источник финансирования — кредитование. Но и он не всем подходит. Сложные условия и неподъёмные требования по финансовым займам не позволяют многим предприятиям развиваться.

— Предпринимателей надо стимулировать открывать бизнес в регионах. Например, предоставлять налоговые льготы, если создаёшь определенное число рабочих мест. Должны быть налоговые каникулы и возможность получить льготный кредит. Бизнес в регионах нужно поддерживать — развитие регионов стратегически необходимо. Помните закрытые границы во время пандемии? Как взлетала в цене мука? Мы могли остаться даже без продуктов питания. Горожанин не будет заниматься фермерством или скотоводством. Стабильность и безопасность — это основа для устойчивого развития, а развития регионов — это основа для развития страны в целом, — говорит Рахматулла Мадазимов.

07

Сегодня и сам бизнес старается, чтобы регионы в целом, не только собственная малая родина, развивались. Каждый год группа бизнесменов из разных уголков страны отправляется бизнес-караваном JIA по областным центрам, где встречается с местными предпринимателями. Эти встречи уже привели к подписанию нескольких договоров о сотрудничестве между предприятиями разных регионов. Есть среди членов JIA компании, готовые расширять географию не только поставок. Не так давно Cool Bro's — крупная компания с фабриками в Чуйской области — открыла в городе Кызыл-Кия швейное предприятие на 300 человек, в будущем в Баткенской области будет запущен ещё один цех. Так сам бизнес старается укреплять регионы.

Бизнес Ассоциация JIA

Кыялдануудан жаралган идея

JIA бизнес ассоциациясы 2006-жылы негизделген. Бизнестин, айрыкча чакан жана орто бизнестин башын бириктирүү идеясы эмнеден жаралган жана JIA өз миссиясына жете алдыбы? Бул туурасында JIA бизнес ассоциациясынын алгачкы төрагалары Алмаз Бейшеналиев, Семетей Өмүргазы уулу жана мурдагы аткаруучу директор Руслан Акматбек эскеришет.

01

Алмаз Бейшеналиев

JIA бизнес ассоциациясынын биринчи төрагасы

Жаш ишкерлер ассоциациясы алгач кыялдануу менен башталган идея болчу. Ошол кезде чет мамлекетте жогорку окуу жайларды жаңы эле бүтүрүп өлкөгө кайтып келе баштаган кыргыз жаштарынын биринчи толкуну жана Кыргызстандын базарында жаңыдан бизнес баштап жаткан ишкерлердин ой толгоосунан келип чыккан. Ал маалда уюшуп биргеликте иш алып баруу, бириккен кызыкчылыктарды коргоо деген сыяктуу түшүнүктөр Кыргызстанда калыптана элек болчу. Бир чөйрөдө болгон ой толгоолорду алгач эки ишкер — Евраз Осмонов жана Сүйүн Алиев колдоого алып, расмий түзүүчү катары киришип, ошону менен Жаш ишкерлер ассоциациясы 2006-жылы 28-ноябрда мамлекеттик каттоодон өткөн.

02

Семетей Өмүргазы улуу

JIA бизнес ассоциациясынын мурдагы төрагасы

Мен ал кезде бизнес кылып баштаганыма беш-алты жыл болуп калган. Бизнес ассоциация дегендин маанисин чет жакка чыкканда түшүнүп калгам. Бир ирет Түркияга барып, ал жактагы чоң компаниялардын өкүлдөрү менен жолукканда, мага алар көңүл деле бурган жок. Ошол эле маалда Украинадан келген бизнес ассоциациянын жетекчиси чуркап чыгып тосуп алып, такыр башкача мамиле кылганын көргөндө “ассоциация деген бул чоң нерсе экен” деп койгом. Ошол себептен бул демилгени угаар замат кош колдоп кубаттап чыктым.

Кыргыз колоритиндеги биринчи бизнес ассоциация

03

Алгач мен ассоциацияга мүчө болчумун, бирок, ал убакта маанисин түшүнчү деле эмесмин. 2009-жылы ошол кездеги координатор Искендер Ормон уулу “Ассоциацияга директор болосунбу?” деп чакырды. Менин эсимде, Искендер байке менен сүйлөшүп чыккандан кийин, офиске барып google’га “ассоциация эмне иш кылат” деп жазгам. 2009-жылдын 2-июну бүгүнкүдөй эсимде: 24 ишкер чогулуп Семетей мырзаны төрага кылып шайлаганбыз. “Эми эмнеден иш баштайбыз?”, — деп башыбыз катып турганда Саламат деген байкебиз бар болчу, ошол киши айтты: “Руслан, ишкерлердин санын көбөйтүш керек, мен эки кой союп кафеме ишкерлердин баарын чакырайын, ошол жерде биз өзүбүздүн максатыбызды, миссиябызды, эмне иш кылаарыбызды элге жарыялайлы”, — деп. Эсимде аябай көп ишкерлер келген. Кыргызстандагы кыргыз ишкерлеринин башын бириктирген, анан ээси Кыргызстандык ишкерлер болгон биринчи бизнес ассоциация ошентип ишке киришкен.

04

Семетей Өмүргазы улуу

Бизде намыс деген бар болчу да. Анткени ал кезде бизнес чөйрөсүндө Бишкек ишкерлер клубу, Соода-өндүрүш палатасы, Эл аралык ишкер кеңеш жана Америка соода палатасы бар эле. Бирок Эл аралык ишкер кеңеш менен Америка соода палатасында көбүнчө чет элдик компаниялар мүчө болчу. Руслан мырза айткандай, таза кыргыз ассоциациясы жок эле. Биз күчтүү ишкерлер күчтүү өлкөнү курат деген миссия менен башыбызды бириктирип, аракет көрүп баштаганбыз.

Глобалдуу дымактагы локалдуу уюм

05

Руслан Акматбек

2007 же 2008-жыл бекен, айтор Хаят мейманканасында чоң бир форум өткөн. Барсам Алмаз байке: “Дүйнөнүн соода көлөмү баланча, андагы Кыргызстандын үлүшү түкүнчө”, — деп сүйлөп жатыптыр. Ошондо менин оозум ачылган, “адамдар ушинтип дүйнө жана дүйнөдөгү Кыргызстандын орду жөнүндө ойлонот экен, кантип акылдары жетет” деп укмуш таң калгам.

06

Алмаз Бейшеналиев

Биз башынан эле Кыргызстанды кантип дүйнөгө таанытып, дүйнөнү кантип кыргыздарга, кыргыз ишкерлерине таанытабыз деп ойлончубуз. Кыргыз ишкерлери дүйнөнү көрүп, жаңы идеялар пайда болуп, бизнес байланыштар түзүлсүн деген максат менен 2007-жылдан баштап кыргыз ишкерлерин чет мамлекеттерге алып чыга баштадык. Эң биринчиси — Кытайдын Гуанчжоу шаарында өткөн чоң жарманкеге 10го жакын ишкерди алып барганбыз. Андан кийин Индиянын Дели шаарында өткөн чоң бир иш чарага 15ке жакын ишкерди алып бардык. Ошентип Түркия, Германияга, Швецария өңдүү өнүккөн базарларга чыгып олтуруп биздин ишкерлердин дагы дүйнө таанымы өсө баштады десем жаңылбайм.

Кыргыз ишкерлери менен JIA тең өстү

08

Алмаз Бейшеналиев

JIA ишкерлер ассоциациясы юридикалык жактардын бирикмеси деп түзүлгөн да. Башында мүчөлөрдү каттай албай кыйналат элек. Анткени, ал кезде көп ишкерлер "жеке ишкер" деп гана катталып, толук кандуу юридикалык жак болуп иш алып баргандары аябай аз болчу. А бирок, бара-бара кыргыз бизнеси менен JIA параллелдүү өнүгүп олтуруп, азыр мына мүчөлөрдүн саны миңге жетиптир. Бул да болсо бир кездеги кыял-максаттардын ишке ашканынын көрсөткүчү.

09

Семетей Өмүргазы уулу

Бир мисал, аты-жөнүн айтпай эле коёюн, бир ишкер бар, ал киши башында "камок" сыяктуу кичинекей бир дүкөндө таттууларды сатчу. Кийин ал киши "Комфорт" базарында курулуш материалын саткан чакан дүкөн ачты. Азыр анын курулуш компаниясы, чоң склады бар. Ал кезде жылдык айлануусу ашып кетсе $10-15 миң болсо керек, азыр болсо миллиондоп саналат.

10

Руслан Акматбек

Ишкерлер JIA менен бирге өстү. Эсимде, биз чогулуп калганда эле "кана, бизде канча ишкер бар" деп санаганда баягы эле Табылды Эгембердиев, Эмил Үметалиев, Аскар Салымбеков менен тизме бүтүп калат эле. Көрсө бизге жаңы ишкерлерди эч ким бербейт экен да. JIA'да кыргыз ишкерлеринин жаңы катмары түзүлдү.

Эмне үчүн “Жаш ишкерлер”?

11

Алмаз Бейшеналиев

Жаш ишкерлер деген ат-бул курактык жактан чечмеленбейт. Кыргызстанда жалпы эле бизнес тармагы, деги эле ишкерчилик түшүнүгүнүн өзү кыргыздар үчүн жаш болуп эсептелет. Анткени, жеке менчикти өздөштүрүп баштаганыбызга 30 жылдын гана жүзү болду. Советтер союзунда жеке менчик, жеке ишкана деген түшүнүк болгон эмес. Андыктан, Кыргызстандагы жалпы ишкердик секторун жаш деп атоого болот.

Илгери үмүт...

12
Семетей Өмүргазы уулу

Өкмөт туура саясат жүргүзүп, ишкерчиликке, инвестицияга жагымдуу шарт түзсө, Кыргызстандын экономикасын заматта эле көтөрүп коюуга болот. Бизде иш билген, эмгекчил, дүйнө таанымы кенен, тайманбас жаштар көп. Бул — биздин негизги байлык.

13
Руслан Акматбек

Экономика деген ишкерлердин топтому. Ишкерлер, ишкерлердин башын кошкон JIA сыяктуу бизнес ассоциациялар канча көп болсо, биз ошончо тез өнүгөбүз. Анткени, жаңылыкты, инновацияны, өнүгүүнү дал ушул ишкерлер алып келет.

14
Алмаз Бейшеналиев

Жакшы ишкерлер өзүнчө эле бир университет сыяктуу толтура адамдарды тарбиялайт. Бүгүнкү күндө билим берүү тармагы чала тарбиялап чыгарган адистерди ишкерлер өздөрү такшалдырып, рынок шартына ылайык даярдап жатышат. Ошол эле учурда Кыргызстанга инновация, технологияны да ишкерлер алып келүүдө. Тарыхый аспектиден карап көрсөңүздөр, мисалы, Улуу Жибек-Жолун алсак, ал кездеги жаңычылдыктын баарын батыштан-чыгышка, чыгыштан-батышка карай дал ошол кербендер ташып турган. Андыктан, бизнести бир эле акча жана салык булагы катары карабаш керек. Бизнес коомдогу өзгөрүүлөрдүн башаты, өнүгүүнүн булагы.

JIA бизнес ассоциациясынын жаралуу тарыхы жөнүндөгү аудио подкастты угуңуз

QR code
YOUTUBE

Один из «крутых» братьев

История Суймонкула Жолдубаева и компании Cool Bro's

Бизнес — основной локомотив экономики Кыргызстана. Несмотря на то, что пандемия и политические потрясения ухудшили состояние экономики, большинство бизнесменов стараются взращивать свои предприятия вопреки всему. Они принимают вызовы сегодняшнего дня и ищут возможности расширить свой бизнес, и поддержать регионы.

Компания Cool Bro's одна из первых в Кыргызстане начала работать на заказы европейских ритейлеров. И эта история об одном из пяти её братьев-основателей.

ФОТО: РУСЛАН КУБАНЫЧБЕК УУЛУ

Путь от понимания важности производства к самому производству

Идея работать в текстильной отрасли у Суймонкула Жолдубаева появилась в 2007 году, не прошло и года, как он вместе с братьями приступил к реализации задумки. За 13 лет «крутые» братья Жолдубаевы открыли несколько предприятий в разных регионах страны. Их фабрики обеспечивают работой 1500 человек. Но и это не предел, в скором времени планируется открытие еще одной большой фабрики в Араване.

История предпринимателя Суймонкула Жолдубаева началась в студенческие годы в конце 1990-х годов. Тогда он начал производить тару для перевозки товаров, продукцию продавали в Россию. Небольшое предприятие обеспечивало работой около 50 человек. Потом Суймонкул заинтересовался торговлей, его компания привозила канцелярские товары из Дубая. Сам он посещал заводы по производству ручек, карандашей, так и загорелся идеей создать большое производство. И пришло понимание, что нашей стране нужно производство.

Первый швейный цех он открыл в Бишкеке ещё в 2007 году. Но, как это часто бывает в бизнесе, дела не пошли. В Бишкеке была проблема с «текучкой» кадров, постоянно приходилось искать сотрудников. Так пришло еще одно понимание: качество работы и успех предприятия напрямую зависят от стабильности в жизни рабочих. Тогда он решил вывести предприятие из города и открыть фабрики вблизи Бишкека. Главным критерием выбора места было наличие инфраструктуры прежних производств, чтобы можно было использовать наследство, доставшееся от советских времен.

СУЙМОНКУЛ ЖОЛДУБАЕВ:

«Мы начали открывать фабрики. Вначале в сёлах имени Карла Маркса, Нижнем Чуйске, во Фрунзенском, Чуйской области. Каждое предприятие было успешным.

Это и привело в 2018 году к открытию самой большой нашей фабрики под брендом Cool Bro's. На ней сегодня трудятся около 500 человек. Вторую фабрику нашего бренда мы окрыли в 2020 году в Баткене на месте бывшей обувной фабрики, где когда-то работали около 2000 работников.

Сейчас там работают около 500 человек, но мы планируем полностью использовать потенциал этой фабрики и открыть дополнительно 1500 рабочих мест».

Выход на международный рынок через улучшение стандартов производства

В 2016 году Суймонкул и ещё несколько представителей кыргызских компаний при поддержке USAID попали на выставку во Франции. В разговорах с коллегами из Европы и других развитых стран, он понял соответствие продукции мировым стандартам открывает двери для экспорта на дальние рынки. Cool Bro's несколько лет работали над этим вызовом, и, наконец, в 2019 году начали экспортировать свои товары в Европу.

Почему регионы?

СУЙМОНКУЛ ЖОЛДУБАЕВ:

*«Это самый частый вопрос, который мне задают коллеги и знакомые. Решающую роль сыграло то, что, когда компания работала вблизи Бишкека, **в поисках работы в основном обращались люди из регионов**».*

Отметив закономерность, братья Жолдубаевы приходят к решению: зачем заставлять людей покидать дома, когда можно открывать производство в регионах. Стабильность для людей — решающий фактор в любом бизнесе, считает Суймонкул. Ну а кроме того, в некогда промышленных городках, вроде Кызыл-Кии, хватает и кадров, и инфраструктуры. А главное надо помнить про миссию, которая должна быть у каждого бизнеса.

СУЙМОНКУЛ ЖОЛДУБАЕВ:

*«Миссия добропорядочного, честного предпринимателя это не только прибыль, но и то, что ты меняешь жизнь людей, — говорит Суймонкул. — Так и получилось: сразу после первой зарплаты наши работники могли менять что-то в своей жизни. Кто-то начинал ремонт, кто-то иными способами улучшал свои жилищные условия, покупали скот. **Потом люди начинают уделять внимание образованию своих детей. А те, в свою очередь, знаниями помогут Кыргызстану развиваться в будущем**».*

Простая арифметика: если каждый работник получает 20 000 сомов в месяц, то 100 работников — это уже вклад в местную экономику в размере 2 млн сомов, ну а если 500 работников, то местная экономика получает 10 млн. Суймонкул считает очевидным, что будущее бизнеса в регионах. Теперь он убеждает других предпринимателей идти в регионы. Уже удалось уговорить несколько человек.

СУЙМОНКУЛ ЖОЛДУБАЕВ:

*«Это же и для самих предпринимателей возможность роста — выход из зоны комфорта и **благая миссия, которая заключается в решении социальных вопросов, сокращении миграции, чтобы дети росли с родителями**».*

СУЙМОНКУЛ ЖОЛДУБАЕВ:

«Государственные органы должны поддержать текстильную отрасль. Нам нужна инфраструктура, дороги, электричество. При наличии инфраструктуры многие предприниматели охотнее отправятся в регионы и будут там создавать рабочие места. Это приведёт к процветанию регионов и, в конечном итоге, к развитию страны. ***В ближайшие 10 лет у нас есть возможность стать маленькой Италией в нашем регионе. Мы можем стать и законодателями, и производителями моды****».*

Өз ара уюмдашуу эркиндиги — күчтүү бизнес коомчулук

Кыргызстанда 39 бизнес ассоциация катталган. Анын ичинде ондон ашыгы ишкерлердин башын бириктирип, кызматташтык платформаларын түзүү боюнча активдүү иш алып барып келет. Ар кандай маалыматтар боюнча Кыргызстандагы ишкерлердин 20%га жакыны бизнес ассоциацияларга мүчө. Албетте, бул сан аз. Бирок, Кыргызстанда ошол эле коңшу өлкөлөрдөн айырмаланып өз ара уюмдашуу эркиндиги бар, ишкерлерди милдеттүү түрдө каттаган мамлекеттик бизнес ассоциация жок. Андыктан Кыргызстандын бизнес коомчулугунун уюмдашуу маданияты органикалык жол менен калыптанып жаткан процесс.

Бизнес Ассоциация JIA

ЭЛ АРАЛЫК ИШ БЕРҮҮЧҮЛӨР УЮМУНА (IOE) МҮЧӨ БОЛГОН КЫРГЫЗСТАНДАГЫ ЖАЛГЫЗ АССОЦИАЦИЯ

JIA МҮЧӨ БОЛГОН ПЛАТФОРМАЛАР:

- КР ЖКнын төрагасынын алдындагы Бизнести жана ишкердикти өнүктүрүү боюнча кеңеши
- КРнын министрлер кабинетинин төрагасынын алдындагы инвестициялык кеңеш
- Бизнес-акыйкатчы институтунун көзөмөлдөө кеңеши
- Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Антикоррупциялык ишкердик кеңеш
- Бизнес Ассоциациялардын Улуттук Альянсы (БАУА)

01

Темир Ажыкулов

Кыргызстандын сүт өндүрүүчүлөр бирикмеси
Аткаруучу директор

Негизи бизнес ассоциациялардын мааниси биринчиден — кызматташуу, ишкерлердин өз ара карым-катышын бекемдөө. Экинчиси, маалымат менен бөлүшүү, инновация, технология, бизнес чөйрөдөгү жаңылыктар, тренддер болушу мүмкүн. Ошондой эле мамлекеттик органдардын ишкерчиликке тийиштүү чыгарган чечимдер туурасында маалымат менен бөлүшүү. Биригүүнүн дагы бир максаты — бири-бирине жардам берип, бири-бири менен соода кылып, кызматташуу. Ишкерлер канчалык көбүрөөк карым-катышта болсо, алар ошончолук өнүгөт. Бизнес ассоциацияларга мүчө болгон компаниялар көп багыттан бир топ астыга кетип, өнүгүп жатканын өз тажрыйбамда көрүп келем. Бул болсо башка ишкерлердин ассоциацияларга кошулуусуна дем берет. Андыктан бизде уюмдашуу процесси жасалма, таңуулоо жолу менен эмес, ишкерлердин өз каалоосу менен жүрүп жатат. Бул абдан маанилүү процесс. Анткени, өз эркы менен уюмдашкан ишкерлер күчтүү бизнес коомчулукту түзөт.

02

Актилек Түнгатаров

Америка соода палатасы
Аткаруучу директор

Бизнес ассоциациялардын ишкерчиликтин өнүгүүсүндөгү ролу абдан зор. Анткени, бул алды менен байланыш, кызматташтык платформасы. Бизнес ассоциацияларга мүчө болуп активдүү иш алып барган ишкерлердин чөйрөсү кеңейип, кардар, өнөктөш, инвестор табуусу оңой болот. Экинчи маанилүү жагы - бизнес ассоциациялар жеке тармак менен бийликтин ортосундагы диалогду камсыз кылат. Бул диалог экономиканын, ишкерчиликтин өнүгүүсүнө шарт түзө турган туура мамлекеттик саясат жүргүзүлүп, туура мыйзам жана чечимдер кабыл алынышы үчүн зарыл. Мындай айтканда бизнес ассоциациялар бизнес кылуунун шарттарын жеңилдетүүгө багытталган иш-чараларды алып барып, ишкерлердин үнүн бийликке жеткирет. Бизнес өнүксө, иш орундар түзүлөт жана салыктар топтолуп, мамлекеттин казынасы толот, демек, өлкөнүн социалдык жана экономикалык өнүгүүсүнө шарт түзүлөт.

03

Гүлнара Каликова

“Каликова & Ассошиэйтс” юридикалык фирмасы
Негиздөөчү, юрист

Ассоциация түзүү жана өнүктүрүү абдан кыйын. Анткени, бул ар кандай адамдардын жана уюмдардын кызыкчылыктарын бириктирүүгө багытталган оор жумуш. Бизнес чөйрөсүндө ассоциация түзүү эки эсе кыйын Андыктан, биригүү — жалпы кызыкчылыктар жана өнөктөштүк аркылуу гана ишке ашат. Эмне себептен бизнес үчүн биригүү маанилүү? Биринчиден, жалгыз бир компания мамлекеттик органдарга үнүн жеткире албайт. Анын үстүнө, ар бир компания өзүнүн позициясын айтууга батынбайт. Бекеринен алар “бизнес унчукпоону сүйөт” деп айтышпайт да. Бирок, бизнес коомчулугу өз кызыкчылыктарын коргоп, алдыга жылышы керек. Айрыкча жалпы кызыкчылыктар көп, мисалы, лицензиялоо, салык системасы, мамлекеттик органдардын тескөөсү жана башка. Мына ушул жерде бизнес ассоциациялардын ролу алмаштырылгыс, анткени алар бизнестин үнү болуп калышат. Кыргызстанда көптөгөн бизнес уюмдар бар, бирок, алардын айрымдары гана реалдуу иштеп, ишкерлердин башын бириктирип жатышат. Булардын арасында JIA — лидерлердин бири. JIA Кыргызстандын бардык региондорунан миңдеген ишкерлерди жана уюмдарды байланыштыра алганы чоң урматтоого татыктуу. Ондогон кызыктуу демилгелер, жүздөгөн бириктирүүчү иш чараларды өткөрүп, миңдеген ишкерлер JIA аркылуу өнөктөштөрдү тапкан.

Проект «Центральная Азия» — укрепляя ассоциации

Если в секторе создается ассоциация, это говорит о том, что участники рынка стали достаточно зрелыми, чтобы видеть друг в друге не только конкурентов, но и единомышленников. Объединяясь, предприниматели готовы выступать единой силой в достижении общих целей и в защите общих интересов. Весь 2021 год проект «Центральная Азия», финансируемый Федеральным министерством экономического сотрудничества и развития Германии, работает над развитием потенциала ассоциаций стран региона. В рамках проекта в Алматы прошла II Республиканская научно-практическая конференция «Вызовы и перспективы развития отраслевых ассоциаций и их роль в системе социального партнёрства» и экономический форум. В Бишкеке планируется форум предпринимательниц. В течении года спикеры из Германии и других европейских стран делились с представителями бизнеса Центральной Азии своим опытом строительства и развития ассоциаций.

> ***— Ассоциациям надо уметь искать компании, которые будут платить за членство. Важно понимать, какие услуги можно предложить свои потенциальным резидентам. Мы пригласили представителей ассоциаций работодателей Германии, чтобы во время онлайн-встреч они делились своим опытом с представителями бизнес-ассоциаций стран Центральной Азии. Главная тема нашего проекта — это построение социального диалога в секторе занятости. Для развития рынка труда нужны дискуссии между сильными объединениями и работодателей, и работников,*** — говорит Сьюзан Бах, генеральный менеджер ассоциации Bildungswerk der Wirtschaft..

Темы вебинаров были посвящены по большей части различным аспектам образования. Участникам, например, рассказали об опыте совместных проектов с научными и образовательными центрами. Во время онлайн-дискуссии менеджеры германских компаний обсудили дуальное обучение, когда практическая часть учебы проходит на производстве. В такой системе очень активно взаимодействие бизнеса и образовательной системы. Последняя, предоставляя услуги частному сектору, готовит тех специалистов, которые нужны именно этой компании. Причем сами работодатели участвуют в составлении учебной программы. И роль ассоциаций в этом процессе велика. Сами ассоциации могут оказывать услуги своим участникам. Об этом также говорилось во время вебинаров. Одна из важных встреч в рамках проекта затронула тему цифровизации и ее влияния на рынок труда.

> ***— В следующем году мы продолжим проект. Среди основных тем 2022 года — профессиональная ориентация. Ассоциации могут вносить серьёзный вклад в развитие профессионального образования. Это очень важно, в первую очередь, чтобы молодые люди реже уезжали в другие страны в поисках работы. В некоторых землях Германии есть проблема оттока молодых специалистов. И, думаю, Казахстану, Кыргызстану и Узбекистану, где есть проблема миграции, будет интересно узнать о том, как наши ассоциации старались принимать участие в решении аналогичной проблемы,*** — говорит Франциска Ворбек, координатор проекта «Центральная Азия».

Представители ассоциаций, участвовавшие в обучении и встречах, на базе полученных материалов и знаний создадут свои собственные семинары, чтобы передавать знания членам своих ассоциаций и партнёрам.

Келечек келди:

Электро унаалар Кыргызстанга дагы жетти

“Кыргызстанга электро унаалар келгиче качан?” — деп көпчүлүк кыргызстандыктар үчүн тээ алыскы келечектей сезилчү. Бирок, демилге көтөрүп көнгөн кыргыз бизнеси бул ирет дагы өз сунушу менен чыкты. “Asman Electronics” компаниясы Кытайда өндүрүлгөн Skywell электро унааларын Кыргызстанга ташып келүүдө. Компания жетекчиси Кадыр Алы, башкы максатыбыз — коомдук транспорт, такси кызматтарын, элди жашыл унаага отургузуп, көк асманды көрсөтүү — дейт.

СҮРӨТ: РУСЛАН КУБАНЫЧБЕК УУЛУ

01

Компаниянын аты эмне үчүн “Asman Electronics”?

Анткени, көк асманды сагындык да, асманыбыз түтүн каптап эле бозоруп калбадыбы... Биздин компания “канткенде таза аба менен дем алабыз?” деген актуалдуу суроого жооп иретинде пайда болду. Алыс барбай эле Бишкек шаарын алалы, Бишкекте 370 000 машина расмий каттоодон өткөн, демек, ар бир 3 кишиге бирден машина туура келет. Бул аябай көп. Анын үстүнө бизге көбүн эсе эски машиналар келип жатпайбы, ошолордон чыккан газ менен ууланып жатабыз. Дүйнө боюнча абасы эң кир шаарлардын катарына кошулуп, абанын булгануусу стандарттан 6 эсе жогору. Демек, биз күнүнө ууланып жатабыз. Аны менен катар бул унаалар аябай тынч жүрөт. Эгер шаарда электро унаалар көбөйсө, аба тазарып, ызы-чуу дагы кыйла басаңдайт.

* ИЛОН МАСК

2021-ЖЫЛДЫН ОКТЯБРЬ АЙЫНЫН СОҢУНДА TESLA КОМПАНИЯСЫНЫН КАПИТАЛИЗАЦИЯСЫ $1 ТРЛН ЧЫГЫП, АНЫН НЕГИЗДӨӨЧҮСҮ ИЛОН МАСК FORBES ЖАНА BLOOMBERG БАСЫЛМАЛАРЫНЫН РЕЙТИНГИНДЕ ДҮЙНӨДӨГҮ ЭҢ БАЙ АДАМ БОЛУП КАЛДЫ

ИШКЕР: КАДЫР АЛЫ

02

Чын эле жүрүп бара жатканда үнү чыкпайт экен. Албетте, экология, таза аба маселеси негизги фактор деңизчи. Андан кем эмес дагы фактор — бул күндөн күнгө кымбаттап жаткан күйүүчү майдын баасы болсо керек...

Акыркы эки жылдан бери кишилер экономдоо жагын ойлонуп калышты, керек болсо, бул азыр биринчи фактор болуп калды. Мен акыркы алты жылда гибрид унаа айдап калдым. Аябай эле үнөмдүү болот экен. Анан кадимки машинеге олтурганда бензинге короткон акчамды санап эле жиним келет эле. Эми электромобилге отургандан кийин асман менен жердей айырманы сездим. Бензин, газ, май деп башың оорубайт. Мисалы, күйүүчү-майлоочу майга кеткен чыгымды санасак, бир машинеге бир жылда орточо $2000 кетет. Биз сунуштап жаткан электро унаалардын баасы 10 000 доллардан 40 000 долларга чейин. Эксплуатация мөөнөтү 15 жыл, заряд каражатына 8 жылдык кепилдик берилет. Демек, электрокар колдонуу мөөнөтү бүткүчө эле өзүн актайт. Анын үстүнө тейлөө жагынан дагы кыйла арзан болот, анткени деталдары аз.

03

Өнүккөн өлкөлөр жарандарын электромобилге өтүүгө шыктандырып, бир топ мамлекеттик колдоо программалары бар. Кыргызстанда деле электро унааларды ташып келүүдө бажы төлөмдөрү нөлгө барабар жана салык жеңилдиктери каралган. Дагы башка кандай мамлекеттик стимулдаштыруу программалары болушу керек?

Кытай өкмөтү электромобиль алгандарга 20-30% субсидия төлөп берет. Кытайда азыр жылына 1,5-2 млн электромобиль колдонууга кирип жатат. Кореяда субсидия 40%га чейин. Казакстан болсо, Нурсултан шаарында коомдук транспорт системасына ушул жылы 100 электробустарды колдонууга киргизди. Алардын баасы кымбат, бирок, мамлекет субсидия төлөп берип жатат. Албетте, биздин мамлекеттин акчалай жардам бергенге дарамети жетпейт, бирок, Украина, Беларусь мамлекеттери сыяктуу жашыл номерлерди берсе жакшы болмок. Алар электро унааларга троллейбустун же автобустун линиялары менен жүрүүгө уруксат берип, көп унаа токтоочу жайларды бекер кылып коюшкан.

ЭЛЕКТРОКАР
КОЛДОНУУ МӨӨНӨТҮ БҮТКҮЧӨ
ЭЛЕ ӨЗҮН АКТАЙТ
01 KG
581 AK

04

Чынында бул электромобилдердин баасы кыргызстандыктардын чөнтөгүнө туура келе бербейт. Анткени биз көбүн эсе экинчи рыноктон эски унааларды алып минебиз. Демек, бул жагынан лизинг программаларын караштыруу керек го?

Жеңилдетилген түрдө сомдук лизинг менен берели дегенбиз, ошондо элдер көп алат. Анткени, азыр лизингдин базар баасы 16%дан 32%га чейин жетип кетип жатат. Бул абдан кымбат. Эгер мамлекет бизге 4% менен жеңилдетилген кредит берсе, биз аны элге 10%дан ашырбай сом менен берсек, ошондо көптөр электрокарга өтмөк.

05

Албетте, мамлекеттин колунда акча жок. Бирок, азыр дүйнөдө жашыл экономиканы колдогон көп фонддор бар, алар өтө төмөн пайыз менен каражат беришет. Мамлекет мына ошолордон жашыл каражаттарды тартып келип, анан аны силер сыяктуу ишкерлерге берсе болот да?

Ооба, азыр жашыл экономиканы, экологияны коргоо боюнча ар түрдүү фонддор көп. Бирок, алар бизнесмендер менен эмес, мамлекет менен иш алып барышат. Мамлекеттин кепилдиги менен ал жактан каражат тартып келип, аны эффективдүү иштетип, убагында кайтарып турса, ал тараптан акчалар келе бермек. Өтө көп мамлекеттер ошентип иш алып барышат. А бизде болсо мурда ошондой акчаларды алып, бирок, же максаттуу иштетпей, же убагында кайтарбай койгон үчүн ишеним кетип калган. Бирок, дагы деле бул багытта иштөөгө кызыктар тараптар көп. Биз деле бюджеттен акча сураган жокпуз, ошондой фонддордон төмөнкү пайызда акча алып, аны ишкерлерге берип турса жакшы болмок. А мамлекет болсо андай фонддордон алып, аны кайра банктар аркылуу берип жатат. Банктар болсо өзүнүн кызматтарын кошуп олтуруп, 1% менен келген кредит ишкерлерге жеткиче жок дегенде 10% болуп кетип жатат.

07

Демек, кандайдыр бир Улуттук жашыл фонд жөнүндө сөз болуп жатат го дейм. Эгер мамлекет ошондой фонд түзсө, анда дагы бир чоң көйгөйдү чече алмак да. Азыр суунун башында туруп сырттан энергия сатып алып жатабыз. Электромобилдер болуш үчүн дагы электороэнергия керек да...

06

Көптөр, “өзүбүзгө электроэнергия жетпей атса эмнеге электро унаа минебиз” деп ойлойт. Бул кыска ой. Кыргызстан суу потенциалынын 10%ын гана колдонуу менен 90% керектөөнү камсыздап жатат. Калган 90% потенциал колдонулбай эле турат. Эгер биз ошонун жок дегенде 50%ын колдонсок, бизде электроэнергия жетиштүү деңгээлге чыгат. Унаалардын көпчүлүгүн электро унаага өткөрсөк, канчалаган акча биздин экономикада калмак. Орто эсеп менен жылына 60 миллиард сомго күйүүчү-майлоочу каражаттарды сырттан сатып алабыз. Эгер электро унаалардын санын көбөйтсөк, алар импорттолуп келген бензин, дизель жана башка күйүүчү майларды колдонбостон, өзүбүздөн чыккан энергияны колдонмок. Демек, акча өзүбүздө калып, өз экономикабызда айланса алда канча пайдалуу болмок.

Дагы бир маанилүү суроо — бул инфраструктура маселеси. Электро унаалар үчүн тийиштүү инфраструктура түзүлүшү керек да. Бул маселени чечүү жолдору кандай болот?

Албетте, биз кардарларыбызга унаа алып келип бергенден кийин, андан аркы тейлөө кызматтарын дагы толук көрсөтөбүз. Инфраструктура боюнча дагы өз бизнес долбоорлорубузду өкмөткө сунуштаганбыз. Мисалы, заряд станцияларын кафе-ресторандарга орнотуу боюнча. Алар дагы кызыктар болмок, анткени унаасын заряддаганы токтогон айдоочу кафеде күтүп олтуруп тамак-аш буюртма кылат да. Негизи инфраструктура маселесин деле бизнес чечкени оң болот деп ойлойм. Бирок экономика министрлиги, Энергохолдингге тапшырма берип, өз күчүбүз менен бирдиктүү стандартта чечкенге аракет кылабыз, дешти. Бул, албетте, жакшы ой. Бирок, канчалык деңгээлде ишке ашат, аны айтуу кыйын... Суунун башында туруп өзбүздү электроэнергия менен камсыз кыла албай жатабыз. Анан бул маселени чече албаган мамлекеттик орган электромобилдер үчүн инфраструктура түзүп бере алаарына анча ишене албай турабыз. Андан көрө, техникалык жолдомо түзүп, ачык тендер аркылуу бизнеске берсе болмок.

08

Бул маселени мамлекеттик-жеке өнөктөштүк принцибинде чечсе болот да?

Эң туура жол — мамлекеттик-жеке өнөктөштүк жолу. Бирок, акыркы кезде, биздин билишибиз боюнча, болгону үч долбоор ишке ашыптыр. Эгер мамлекет жеке тарап менен кызматташканды үйрөнсө, көп нерсени ишке ашырып кетсек болмок.

ЛИЗИНГ

МӨӨНӨТҮ 5 -ЖЫЛ

15% ЖЫЛДЫК ПАЙЫЗДЫК СТАВКАСЫ

30% БИРИНЧИ ТӨЛӨМ

САТУУ БӨЛҮМҮ

+996 (990) **24 00 00**

asman.electronics@gmail.com

БУЮРТМА БЕРҮҮ ШАРТЫ

30%
БИРИНЧИ ТӨЛӨМ

45 КАЛЕНДАРДЫК КҮН
БУЮРТМА МӨӨНӨТҮ

asman_electronics.kg

asman_electronics.kg

Бизнес Ассоциация JIA

СТРАТЕГИЯ 2021-2027

2021 ГОД

ПРЕДПРИНИМАТЕЛИ НА БАЗЕ JIA

1500

ЖАРАТМАН-РЕЗИДЕНТЫ

1200

target

ФОТО: РУСЛАН КУБАНЫЧБЕК УУЛУ

2027 ГОД

ПРЕДПРИНИМАТЕЛИ НА БАЗЕ JIA

15000

ЖАРАТМАН-РЕЗИДЕНТЫ

4000

Институт улучшения бизнес-климата — мост между бизнесом и государством

В стратегии бизнес-ассоциации JIA есть пункт — институт улучшения бизнес-климата. Название замысловатое, сразу и не поймёшь, что это значит. А главное, как сейчас улучшать бизнес-климат? Но исполнительный директор ассоциации Фархад Пакыров в интервью всё объяснил.

– Одна из главных функций ассоциации — выступать мостом между бизнесом и государством. Ассоциацию можно назвать голосом бизнеса, поэтому предприниматели и объединяются, чтобы поднимать инициативы по улучшению бизнес-климата в стране или защищать свои интересы. В Кыргызстане по сравнению с другими странами Центрально-Азиатского региона государственно-частный диалог выстроен лучше. Это видно на примере работы инвестиционного совета при правительстве, бизнес кенеша при парламенте. Сейчас создаётся антикоррупционный деловой совет, где мы будем поднимать различные инициативы и озвучивать вопросы, которые волнуют предпринимателей.

Работа этих структур показывает, что мы обсуждаем многие вопросы с государством, когда меняется законодательство или вносятся какие-то документы, которые будут влиять на частный сектор.

На этих площадках идёт бурное обсуждение, что-то мы отстаиваем, в какие-то документы вносим дополнения. Несмотря на текущую ситуацию, можно сказать, что мы постепенно укрепляем диалог между государством и бизнесом. Конечно, рано говорить, что всё работает как часы, нам ещё многое надо сделать. Надо усиливать ассоциации, усиливать человеческий потенциал. Поэтому в действующей стратегии JIA один из главных компонентов — это институт улучшения бизнес-климата, где мы видим сильных профессионалов-экспертов по защите интересов предпринимателей от недобросовестных госорганов. Кроме того, у нас будут специалисты, с которыми мы планируем готовить предложения, позволяющие улучшить бизнес-климат.

01

Фархад ***Пакыров***
Бизнес-ассоциация JIA
исполнительный директор

Может на примерах будет понятнее о чём речь...

– Например, у нас сейчас принята политика открытого неба. Документ был разработан при совместной работе государства и общественных организаций. Приняли политику, и результат — стало летать больше авиакомпаний. Второй пример — безвизовый режим, проект также был разработан совместно государством и общественностью. Результат — вырос поток туристов. Это примеры предыдущих успешных проектов, где партнёрство государства и бизнеса принесло свои плоды. Мы видим, что при работе с государством в рамках института, мы сможем реализовать больше проектов, которые будут способствовать улучшению инвестиционного климата.

Другой пример: у нас очень сложно получить разрешительные документы или какую-то экспертизу, лицензии. Много проблем предпринимателям создают бюрократия и высокий уровень коррупции. Мы хотим пригласить государство к диалогу и разработать процедуры, которые бы упрощали жизнь бизнесу.

Госорганы итак были всегда неповоротливые, но сейчас мы наблюдаем, как из-за сложной ситуации в стране, в экономике, с бюджетом пытаются «выжать последние соки» из бизнеса. В таких условиях вы всё ещё видите возможность диалога, на который рассчитываете?

Именно в такие сложные в социально-экономическом плане времена страна нуждается в той поддержке, которую мы планируем в рамках института. Попытки продвинуть закон о ЧП в экономике, поправки в уголовный кодекс, разрешение участковым проводить проверки предпринимателей — мы активно участвовали в обсуждении этих вопросов. Очень жаль, что от этих инициатив полностью не отказались, их вернули на доработку. Но реакция на такие предложения важна. Гражданское общество должно проговаривать риски и высказывать свои возражения. Пункт нашей стратегии «Институт по улучшению бизнес-климата» и был разработан для того, чтобы мы могли активно представлять интересы предпринимателей.

Не будет ли он похож на что-то вроде инвестсовета?

Нет, чтобы поднимать вопросы на инвестсовете, необходима хорошая подготовка. Инвестиционный совет — это площадка, а институт по улучшению бизнес-климата будет готовить вопросы и темы для обсуждения на таких площадках.

Мне казалось, что вы и сейчас этим занимаетесь...

Мы этим занимаемся, но, надо признать, не на должном уровне. У нас не хватает некоторой экспертизы по отдельным вопросам. Мы хотим, чтобы наш подход был более профессиональным.

Время — деньги. Фраза избитая, но оттого не перестаёт быть правдивой. Для предпринимателей в некоторых случаях время даже ещё более важный ресурс, чем деньги. И куда сейчас этот ресурс утекает? На хождение инстанциям и госструктурам, в дороге от одного места до другого, в очередях банков...

Теперь представим другую ситуацию. Решил человек инвестировать в бизнес, а чтобы собрать информацию о как можно большем числе потенциальных проектов, нужно опять же время и понимание, к кому обращаться за информацией. И как иностранному бизнесмену, который ищет партнёров среди местных производителей, понять к кому обращаться?

ONE STOP SHOP | всё для бизнеса в одном месте

